**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги**

**Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2024-жылдын 05-июнундагы № 70-чуа | Бишкек шаары

**Ыңгайлуу инвестициялык климатты түзүү боюнча чаралар жөнүндө**

Ыңгайлуу инвестициялык климатты түзүү, бюрократиялык тоскоолдуктарды төмөндөтүү жана инновациялык идеяларды кеңири жайылтуу максатында, «Шаар куруу жана архитектура жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги жөнүндө» жобону жетекчиликке алуу менен, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын аймагында курулуш чөйрөсүндөгү чет өлкөлүк ченемдик документтерди (мындан ары — чет өлкөлүк ченемдик документтер) № 1-тиркемеге ылайык улуттук ченемдик документтер менен бир убакта колдонууга жол берилет, эгерде:

1) чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде даярдалган долбоордук документтер имараттардын жана курулмалардын механикалык, өрт, сейсмикалык, термикалык, химиялык, биологиялык, радиациялык, экологиялык жана электрдик коопсуздугу боюнча улуттук курулуш ченемдеринин талаптарына барабар же андан жогору болсо;

2) заказчы (инвестор) тарабынан мындай кароонун натыйжасына карабастан долбоордук документтерди кароодо ыйгарым укуктуу орган тарабынан ишке тартылуучу көз карандысыз чет өлкөлүк адистердин жана консультанттардын кызматтарына акы төлөө боюнча чыгымдардын ордун жабууда;

3) чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде даярдалган долбоордук документтерди Ведомстволор аралык техникалык кеңеш тарабынан жактыруу.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги**

**Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

05 июня 2024 года № 70-нпа | Бишкек шаары

**О мерах по созданию благоприятного инвестиционного климата**

В целях создания благоприятного инвестиционного климата, снижения бюрократических барьеров и широкого внедрения инновационных идей, в соответствии с законами Кыргызской Республики «О градостроительстве и архитектуре Кыргызской Республики», «О техническом регулировании в Кыргызской Республике», руководствуясь постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 03 марта 2023 года № 115, положением Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Госстрой), утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года № 44, **приказываю:**

1. Установить порядок, в соответствии с которым допускается применение на территории Кыргызской Республики зарубежных нормативных документов в сфере строительства (далее — зарубежные нормативные документы) согласно приложению № 1 одновременно с национальными нормативными документами, при условии:

1) проектная документация, подготовленная на основе зарубежных нормативных документов равны либо превышают требования национальных строительных норм по механической, пожарной, сейсмической, термической, химической, биологической, радиационной, экологической и электрической безопасности зданий и сооружений;

2) покрытия со стороны заказчика (инвестора) расходов по оплате услуг независимых зарубежных специалистов и консультантов, привлекаемых, при необходимости, уполномоченным органом при рассмотрении проектной документации, независимо от результата такого рассмотрения;

3) одобрения Межведомственным техническим советом проектной документации, подготовленная на основе зарубежных нормативных документов.

2. Установить порядок, в соответствии с которым проектная документация, подготовленная на основе зарубежных нормативных документов и одобренная

2. Чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде даярдалган жана Ведомстволор аралык техникалык кеңеш тарабынан жактырылган долбоордук документтер мамлекеттик экспертизадан өткөрүлбөй турган тартипти белгилөө.

3. Долбоордук документтери чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде даярдалган жана Ведомстволор аралык техникалык кеңеш тарабынан жактырылган курулуш объектисинин курулуп жаткан объекттердин реестрине киргизилүүгө тийиш болгон тартипти белгилөө.

4. Долбоордук документтери чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде даярдалган объекттин курулушуна техникалык көзөмөлдү эл аралык сертификаты бар жеке же юридикалык жак жүзөгө ашыруучу тартипти белгилөө.

5. Долбоордук документтери чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде даярдалган курулуш объекттерин эксплуатацияга берүү Ведомстволор аралык техникалык кеңештин макулдугу менен иш жүзүнө ашырылуучу тартипти белгилөө.

6. Ведомстволор аралык техникалык кеңештин жобосу № 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

7. Ведомстволор аралык техникалык кеңештин курамы № 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

8. Мамкурулуштун архитектура жана техникалык ченемдөө башкармалыгы:

1) бул буйрукту расмий жарыялоо боюнча чаралар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө» токтомуна ылайык кабыл алсын;

2) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйруктун жарыяланган булагын көрсөтүү менен мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускадагы көчүрмөсүн Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

3) бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн.

9. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

10. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Мамкурулуштун директорунун орун басары Б.Б. Турдугуловго жүктөлсүн.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**

Межведомственным техническим советом, не подлежит государственной экспертизе.

3. Установить порядок, в соответствии с которым объект строительства, проектная документация которой подготовлена на основе зарубежных нормативных документов, и одобренная Межведомственным техническим советом, подлежит включению в реестр строящихся объектов.

4. Установить порядок, в соответствии с которым технический надзор за строительством объекта, проектная документация которой подготовлена на основе зарубежных нормативных документов, осуществляет физическое или юридическое лицо, имеющее международный сертификат.

5. Установить порядок, в соответствии с которым ввод в эксплуатацию объектов строительства, проектная документация которой подготовлена на основе зарубежных нормативных документов, осуществляется также с согласия Межведомственного технического совета.

6. Утвердить положение Межведомственного технического совета согласно приложению № 2.

7. Утвердить состав Межведомственного технического совета согласно приложению № 3;

8. Управлению архитектуры и технического нормирования Госстроя:

1) принять меры по официальному опубликованию настоящего приказа в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;

2) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках с указанием источника опубликования указанного приказа в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

9. Настоящий приказ вступает в силу со дня официального опубликования.

10. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Госстроя Б.Б. Турдугулова.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай - коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 05-июнундагы № 70-чуа буйругуна № 1 тиркеме

**Кыргыз Республикасынын аймагында улуттук ченемдик документтер менен бир убакта колдонууга жол берилген курулуш чөйрөсүндөгү техникалык жөнгө салуу жаатындагы чет өлкөлүк ченемдик документтердин**
**ТИЗМЕСИ**

| № | Ченемдик документтердин аталышы | Мамлекеттер |
|---|---|---|
| 1 | Еврокоддор (European Codes, EC) | Европа биримдиги |
| 2 | Британ стандарттары (British Standards, BS) | Улуу Британия |
| 3 | Кытай улуттук курулуш стандарттары (GB, CJ, JC, JG и др.) | Кытай Эл Республикасы |
| 4 | Корей курулуш коддору (Korean building code, KBC) | Корея Республикасы |
| 5 | Куруу ченемдери жана эрежелери (СНиП), эреже китептери | Россия Федерациясы |
| 6 | АКШ эл аралык курулуш коддору (International building code, IBC) | Америка кошмо штаттары |
| 7 | Япония улуттук стандарттары (Japanese Industrial Standards, JIS) | Япония |

Приложение № 1 к приказу Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 05 июня 2024 года № 70-нпа

**ПЕРЕЧЕНЬ**
**зарубежных нормативных документов в сфере строительства, которые допускаются к применению на территории Кыргызской Республики одновременно с национальными нормативными документами**

| № | Наименование нормативных документов | Государства |
|---|---|---|
| 1 | Еврокоды (European Codes, EC) | Европейский Союз |
| 2 | Британские стандарты (British Standards, BS) | Великобритания |
| 3 | Китайские национальные строительные стандарты (GB, CJ, JC, JG и др.) | Китайская Народная Республика |
| 4 | Корейские строительные коды (Korean building code, KBC) | Республика Корея |
| 5 | Строительные нормы и правила (СНиП), Своды правил | Российская Федерация |
| 6 | Международные строительные коды США (International building code, IBC) | Соединенные Штаты Америки |
| 7 | Национальные стандарты Японии (Japanese Industrial Standards, JIS) | Япония |

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай - коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 05-июнундагы № 70-чуа буйругуна № 2 тиркеме

**Ведомстволор аралык техникалык кеңеш жөнүндө**
**ЖОБО**

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Ведомстволор аралык техникалык кеңеш (мындан ары - ВТК) шаар куруу, жер титирөөгө туруктуу курулуш, курулуштук конструкциялары, материалдары жана буюмдары, инженердик системалар жана курулмалар жаатындагы инженердик-техникалык маселелер боюнча туруктуу иштөөчү Ведомстволор аралык орган болуп саналат.

2. ВТК ыңгайлуу инвестициялык климатты түзүү, бюрократиялык тоскоолдуктарды төмөндөтүү жана инновациялык идеяларды кеңири жайылтуу максатында, шаар куруу, жер титирөөгө туруктуу курулуш, курулуш конструкциялары, материалдары жана буюмдары, инженердик системалар жана курулмалар, инженердик изилдөөлөр, инженердик-техникалык жана транспорттук инфраструктура, долбоорлоодо, курууда жана курулуп бүткөн объекттерди пайдаланууга кабыл алууну уюштурууда илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер жаатындагы маселелерди чечүү үчүн түзүлөт жана иштейт.

3. ВТК өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана тескемелерин, Мамкурулуштун токтомдорун, тескемелерин жана буйруктарын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

4. ВТК жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Манас көчөсү, 28.

**2-глава. ВТК негизги милдеттери**

5. Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактар тарабынан киргизилген курулуш жаатындагы чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде даярдалган долбоордук документтерди кароо.

6. Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун алдындагы Улуттук долбоорлоо институттары, ошондой эле зарыл учурда долбоордук документтерди кароодо ишке тартылган көз карандысыз чет өлкөлүк адистер жана консультанттар тарабынан даярдалып каралган долбоордук документтер боюнча чечимдерди иштеп чыгуу.

Приложение № 2 к приказу Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 05 июня 2024 года № 70-нпа

**ПОЛОЖЕНИЕ**
**О Межведомственном техническом совете**

**Глава 1. Общие положения**

1. Межведомственный технический совет (далее - МТС) является постоянно действующим межведомственным органом по инженерно-техническим вопросам в области градостроительства, сейсмостойкого строительства, строительных конструкций, материалов и изделий, инженерных систем и сооружений.

2. МТС образуется и действует в целях создания благоприятного инвестиционного климата, снижения бюрократических барьеров и широкого внедрения инновационных идей, для решения проблем регулирования в области градостроительства, сейсмостойкого строительства, строительных конструкций, материалов и изделий, инженерных систем и сооружений, инженерных изысканий, инженерно-технических и транспортной инфраструктуры, научно-исследовательских и опытно-конструкторских работ при проектировании, строительстве и организации приемки законченных строительством объектов в эксплуатацию.

3. МТС в своей деятельности руководствуется Законами Кыргызской Республики, указами и распоряжениями Президента Кыргызской Республики, постановлениями и распоряжениями Правительства Кыргызской Республики, постановлениями, распоряжениями и приказами Госстроя, а также настоящим Положением.

4. Местонахождение МТС: Кыргызская Республика, город Бишкек, улица Манаса, 28.

**Глава 2. Основные задачи МТС**

5. Рассмотрение проектных документов, подготовленные на основе зарубежных нормативных документов в сфере строительства, вносимые министерствами и ведомствами Кыргызской Республики, а также другими физическими и юридическими лицами.

6. Выработка решений по рассмотренным проектным документов подготовленные национальными проектными институтами при министерствах и ведомств Кыргызской Республики, а также независимыми зарубежными специалистами и консультантами, привлекаемых, при необходимости при рассмотрении проектной документации.

7. Илим менен техниканын жаңы жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйбаны шаар куруу жана курулуш практикасына киргизүүгө көмөктөшүү, ошондой эле ири инвестициялык долбоорлордун долбоордук-сметалык документтеринин экспертизасынын корутундуларын көз карандысыз карoo жана баалоо.

8. Курулуш-монтаждоо иштеринин өндүрүшү жана автордук, техникалык, мамлекеттик архитектура-курулуш көзөмөлүн ишке ашыруу жана пайдаланууга берүү боюнча маселелерди карoo.

9. Шаар куруу жана курулуш, илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди координациялоо жаатындагы ченемдик-техникалык базаны ченемдик-укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоо.

## 3-глава. ВТК функциялары

10. ВТК негизги милдеттерине ылайык төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат:

1) ВТКтин жыйналыштарында курулуш чөйрөсүндө чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде даярдалган объекттердин жана курулмалардын курулушун жана пайдаланууга берүүнү угууну жана талкуулоону.

2) Каралып жаткан маселелер боюнча эксперттик уюмдарды жана эксперттерди дайындоо жана алардан каралып жаткан маселе боюнча ВТК чечимин кабыл алууда милдеттүү мүнөзгө ээ болгон корутундуларды же пикирлерди алууну.

3) Курулуш чөйрөсүндөгү чет өлкөлүк ченемдик документтерди өнөр жай-жарандык курулушка андан ары киргизүү маселелерин кароону.

## 4-глава. ВТК ыйгарым укуктары

11. ВТК Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык ТК жана секциялардын бардык мүчөлөрүнүн өз ара тең укуктуулук принциптеринде өз ишин жүзөгө ашырат.

12. ВТК иш планын өз алдынча иштеп чыгат.

13. ВТК менчиктин ар кандай формасындагы чарбакер субъектинин эксперттерин эркин тандоого жана тартуу укугуна ээ.

14. ВТК курулуш жаатында чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде долбоорлоого байланышкан натыйжаларды же талаш маселелерди кароого укуктуу.

15. ВТК ишин жүзөгө ашырууда өз демилгеси боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого каршы келбеген ар кандай чечимдерди кабыл алууга укуктуу.

## 5-глава. ВТК ишин уюштуруу



7. Содействие внедрению новейших достижений науки и техники, передового опыта в практику градостроительства и строительства, а также независимое рассмотрение и оценка заключений экспертизы проектно-сметной документации крупных инвестиционных проектов.

8. Рассмотрение вопросов по производству строительно-монтажных работ и осуществлению авторского, технического и государственного архитектурно-строительного надзора и ввода в эксплуатацию.

9. Подготовка рекомендаций по совершенствованию нормативно-правового регулирования нормативно-технической базы в области градостроительства и строительства, координации научно-исследовательских и опытно-конструкторских работ.

## Глава 3. Функции МТС

10. В соответствии с основными задачами МТС осуществляет следующие функции:

1) Заслушивает и обсуждает на заседаниях МТС строительство объектов и сооружений и ввод в эксплуатацию, подготовленные на основе зарубежных нормативных документов в сфере строительства.

2) Назначает экспертные организации и экспертов по рассматриваемым вопросам и получения от них заключений или отзывов, которые имеют обязательный характер при принятии решения МТС по рассматриваемому вопросу.

3) Рассматривает вопросы дальнейшего внедрения зарубежных нормативных документов в сфере строительства в промышленно-гражданское строительство.

## Глава 4. Полномочия МТС

11. МТС, в соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики, осуществляет свою деятельность на принципах взаимного равноправия всех членов ТС и секций.

12. МТС самостоятельно разрабатывает план работ.

13. МТС имеет право свободного выбора и привлечения экспертов, хозяйствующего субъекта с любой формой собственности.

14. МТС имеет право рассматривать результаты или спорные вопросы, связанные с проектированием на основе зарубежных нормативных документов в сфере строительства.

15. При осуществлении своей деятельности, МТС, по собственной инициативе, вправе принимать любые решения, не противоречащие законодательству Кыргызской Республики и настоящему Положению.

## Глава 5. Организация деятельности МТС

16. МТС возглавляет председатель.

16. ВТК төрага жетектейт.

17. ВТК төрагасы ВТК ишине байланыштуу бардык маселелерди өз алдынча чечет, ВТК жыйындарынын протоколдоруна жана ВТК башка расмий документтерине кол коет.

18. ВТК төрагасы ишеним катсыз ВТК атынан иш алып барат жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин системасында бардык деңгээлде анын кызыкчылыгын коргойт.

19. ВТК төрагасынын 1-орун басары болот.

20. ВТК 9 мүчөдөн, анын ичинде төраганын орун басарынан, жооптуу катчыдан жана ВТК мүчөлөрүнөн турат.

21. ВТК сунуштамалары, чечимдери жана сунуштары Кыргыз Республикасынын бардык субъекттери тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

## 6-глава. ВТК ишин уюштуруу тартиби

22. ВТК жыйындары зарылдыгына жараша жана маселелер менен милдеттердин келип түшүшүнө жараша өткөрүлөт.

23. ВТК жыйындарынын ортосундагы мезгилде бардык ыкчам жана уюштуруу-техникалык иштер жооптуу катчы тарабынан жүргүзүлөт.

24. ВТК жыйыны ага ВТК тизмелик курамынын үчтөн экисинен кем эмеси катышкан шартта укуктуу деп эсептелет.

25. Эгерде отурумга катышкан ВТК мүчөлөрү бир добуштан чечим кабыл алса, чечим кабыл алынды деп эсептелет.

26. ВТК жыйындарында кабыл алынган чечимдер жана сунуштар маалымат жана конкреттүү практикалык чараларды көрүү үчүн тиешелүү уюмдарга жана ишканаларга жөнөтүлөт.

27. Жооптуу катчы төмөнкү иштерди жүзөгө ашырат:

1) Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын сунуштарынын негизинде курулуш жаатында чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде долбоорлоого байланыштуу курулуш долбоорлорун түзөт, ВТК жыйындарында кароо үчүн маселелерди даярдоону уюштурат;

2) ВТК документтерин жүргүзөт, анын ичинде ВТК жыйындарынын протоколдорун жана чечимдерин тариздейт, анын жыйындарын өткөрүүнү уюштурат;

3) ВТК мүчөлөрүнө жана башка кызыкдар жактарга жыйындарды өткөрүү убактысы жөнүндө маалымдайт, аларга кароого даярдалган материалдарды жиберет;

4) ВТК чечимдеринин аткарылышын контролдойт;

5) каттардын жана документтердин долбоорлорун даярдайт, ВТК иши менен байланышкан ВТК төрагасынын жана төраганын орун басарынын башка тапшырмаларын аткарат;



17. Председатель МТС самостоятельно решает все вопросы, связанные с деятельностью МТС, подписывает протоколы заседаний МТС, и другие официальные документы МТС.

18. Председатель МТС без доверенности действует от имени МТС и представляет его интересы на всех уровнях в системе Кабинета Министров Кыргызской Республики.

19. Председатель МТС имеет 1-го заместителя.

20. МТС состоит из 9 членов, в том числе заместителя председателя, ответственного секретаря и членов МТС.

21. Рекомендации, решения и предложения МТС обязательны к исполнению всеми субъектами Кыргызской Республики.

## Глава 6. Порядок и организация работы МТС

22. Заседания МТС проводятся по мере необходимости, и проводятся по мере поступления вопросов и задач.

23. В период между заседаниями МТС вся оперативная и организационно-техническая работа осуществляется ответственным секретарем.

24. Заседания МТС считается правомочным при условии присутствия на нем не менее двух третей списочного состава МТС.

25. Решения считаются принятыми, если члены МТС, присутствующих на заседании, приняли единогласное решение.

26. Принимаемые на заседаниях МТС решения и рекомендации направляются в соответствующие организации и на предприятия для информации и принятия конкретных практических мер.

27. Ответственный секретарь осуществляет следующую работу:

1) составляет на основе предложений министерств и ведомств Кыргызской Республики, а также физическими и юридическими лицами, проекты строительства, связанные с проектированием на основе зарубежных нормативных документов в сфере строительства, организует подготовку вопросов для рассмотрения на заседаниях МТС;

2) ведет документацию МТС, в том числе оформляет протоколы заседаний и решения МТС, организует проведение его заседаний;

3) информирует членов МТС и других заинтересованных лиц о времени проведения заседаний, направляет им подготовленные к рассмотрению материалы;

4) контролирует исполнение решений МТС;

5) подготавливает проекты писем и документов, выполняет другие поручения председателя и заместителя председателя МТС, связанные с деятельностью МТС;

6) контролирует выполнение планов работ и ведение документации секциями МТС.

6) ВТК секцияларында иш пландарынын аткарылышын жана иш кагаздарынын жүргүзүлүшүн контролдойт.

28. ВТК жыйынында талкуулоо үчүн даярдалган материалдар аткаруучу тарабынан ВТК жооптуу катчысына ТК жыйынына чейин 15 күндөн кечиктирилбестен берилет.

29. ВТК чечимдери протокол менен таризделет.

30. ВТК ишин материалдык жактан камсыз кылуу (анын документтерин басып чыгаруу, көбөйтүү жана таратуу) Кыргыз Республикасынын министрлиги жана ведомствосу, ошондой эле курулуш долбоорлору курулуш чөйрөсүндөгү чет өлкөлүк ченемдик документтердин негизинде долбоорлоо менен байланышкан жеке жана юридикалык жактар тарабынан ишке ашырылат.

**7-глава. ВТК жоюу жана кайра уюштуруу**

31. ВТК жоюу же кайра уюштуруу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин буйругу менен жүргүзүлөт.



28. Подготовленные для обсуждения на заседании МТС материалы предоставляются исполнителем ответственному секретарю МТС не позднее чем за 15 дней до заседания ТС.

29. Решения МТС оформляются протоколами.

30. Материальное обеспечение деятельности МТС (печатание, размножение и рассылка его документов) осуществляется министерством и ведомством КР, а также физическим и юридическим лицом, проекты строительства которых связанны с проектированием на основе зарубежных нормативных документов в сфере строительства.

**Глава 7. Ликвидация или реорганизация МТС**

31. Ликвидация или реорганизация МТС производится приказом Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики в соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 03 марта 2023 года № 115.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай - коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2024-жылдын 05-июнундагы № 70-чуа буйругуна № 3 тиркеме

**Ведомстволор аралык техникалык кеңештин**
**КУРАМЫ**

1. Ведомстволор аралык техникалык кеңештин төрагасы:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары.

2. Ведомстволор аралык техникалык кеңештин төрагасынын орун басары:

1) Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министринин орун басары.

3. Ведомстволор аралык техникалык кеңештин мүчөлөрү:

1) Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министринин орун басары;

2) Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министринин орун басары;

3) Кыргыз Республикасынын Энергетика министринин орун басары;

4) Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин орун басары;

5) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министринин орун басары;

6) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин орун басары.

4. Ведомстволор аралык техникалык кеңештин жооптуу катчысы:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин архитектура жана техникалык ченемдөө башкармалыгынын начальниги.

Приложение № 3 к приказу Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 05 июня 2024 года № 70-нпа

**СОСТАВ**
**Межведомственного технического совета**

1. Председатель Межведомственного технического совета:

1) Заместитель директора Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики.

2. Заместитель председателя Межведомственного технического совета:

1) Заместитель министра транспорта и коммуникации Кыргызской Республики.

3. Члены Межведомственного технического совета:

1) Заместитель министра экономики и коммерции Кыргызской Республики;

2) Заместитель министра природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики;

3) Заместитель министра энергетики Кыргызской Республики;

4) Заместитель министра чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики;

5) Заместитель министра здравоохранения Кыргызской Республики;

6) Заместитель министра культуры, информации, спорта и молодежной политики Кыргызской Республики;

7) Заместитель министра водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики.

4. Ответственный секретарь Межведомственного технического совета:

1) Начальник управления архитектуры и технического нормирования Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики.